**Бекитем:**

**Мектеп директору: ________ / Өмүрбеков М.**

**09.09.2022-жыл**

**Мамадалы Барпиев атындагы №19 Жылгын жалпы орто билим берүүчү мектебиндеги депter текшерүүнүн жобосу**

**Айлампа дептерлерге коюлуучу талап:**

Окуучунун дептеринин сырткы көрүнүшүнө карап окуучунун аткарган ишинин сапаты, мугалимдин ишинин сапаты жөнүндө баамдоого болот. Дептерди талапка ылайык сактоону окуучуларды эмгек тарбиялоочу каражат катарында кароо керек.

1. Дептерлердин сырткы көрүнүшү бардык окуучулардыкы бирдей окшоштукта болууга тийиш.
2. Дептердин сыртына окуу предметинин аты, классы, мектеби окуучунун фамилиясы, аты толук жазылат.
3. Окуучулар класстык жана үйгө берилген тапшырмаларды жаза турган(айланпа) дептери болот, дептерлер сыя түстүү калем сап менен гана жазылат.
4. Жазуу иштерин аткарууда кызыл сап (абзац) милдеттүү түрдө сакталуусун мугалим талап кылат.
5. Ал демейдеги саптан оң жакка бир сантиметр чегинүү менен калтырылат. Бул жерге мугалим тарабынан эскертүүлөр, көрсөтмөлөр жазылат.
6. Дептердин ар бир барагынын бети аягына датасын жана иштин аты(класста жана үйдө) жазууга туура келсе, анда бир, эки саапты бош калтырууга болот, анткени теманы мазмунунан ажыратып коюу талапка ылайык келбейт.

   **Мугалимдин милдети:**

   Мугалим окуучуларды чийбей, туура, сулуу жана таза жазууга үйрөтүү менен чектелбестен дептерлердин тышын таза күтүүгө, анын барактарын бырыштырбай, бүктөбөй жыртпай дептер толук толмоюнча жазуусун көзөмөлдөөсү керек.Мугалим тарабынан кызыл сыя менен гана текшерилет. Окуучулардын дептерлерин текшерүүдө төмөнкүлөргө көңүл бурушат.

-дептерлердин жалпы абалы

- үйдө жана класста аткарылуучу ишти көзөмөлдөйт.

-дептер-н мугалимдер тарабынан текшерилиши

-каталар үстүндө иштөөнүн абалы

-дептерге коюлуучу бирдиктүү талаптын аталышы

Кыргыз тили сабагы:

Дептер текшерүүдө бирдиктүү орфографиялык эрежелердин сакталышы, жазуу иштерине коюлган баалардын орфографиялык эрежелердин сакталышы, жазуу иштерине коюлган баалардын обьектүүлүгү кетирилген каталардын үстүндө иштөө көзөмөлдөнөт. Тамга элементи менен жазылбаган болсо, анда кичине талаага тамганы элементи жазып коюу керек.

Орус тили сабагы:

Окуучулардын дептерлерин текшерүүдө төмөнкүлөргө көңүл бурушат.

-дептерлердин жалпы абалы

- үйдө жана класста аткарылуучу ишти көзөмөлдөйт.

-дептерлердин мугалимдер тарабынан текшерилиши

-каталар үстүндө иштөөнүн абалы

-дептерге коюлуучу бирдиктүү талаптын аталышы

**Кыргыз тили сабагы:**

Дептер текшерүүдө бирдиктүү орфографиялык эрежелердин сакталышы, жазуу иштерине коюлган баалардын орфографиялык эрежелердин сакталышы, жазуу иштерине коюлган баалардын обьектүүлүгү кетирилген каталардын үстүндө иштөө көзөмөлдөнөт. Тамга элементи менен жазылбаган болсо, анда кичине талаага тамганы элементи жазып коюу керек.

**Орус тили сабагы:**

Орус тили сабагынан дептер текшергенде туура эмес жазылган тамганы сызып, үстүнө туура тамганы жазуу керек. Дептер текшерип бүтүп, аягына туура, сулуу, катасыз, тамганы элементи менен жаз деп мугалим тарабынан эскертүү жазылат. Диктантка бир баа, сочинениеге эки баа коюлат.Биринчи баасы мазмуну, экинчи баасы катасы болуп эсептелет. Орус тили сабагынан жазган дептердин сыртына окуучунун фамилиясы жана атына таандык мүчөсү улануу менен жазылат.

**Англис тили сабагы:**

1 Кол жазмага көңүл буруу

2. Каталарды текшерүү

3. Элементи менен жазылбаган тамгаларды кичине жолго жазып берүү.

**Математика сабагы**

Математика сабагында дептер текшерүүдө туура эмес жазылган сандын туура жазылышы кичине талаага жазылат.Кол жазмага көңүл бурулат. Туура эмес иштелген мисалдардын тушуна суроо белгиси коюлат же болбосо туура иштелген варианты жазылат.

**Башталгыч класстарда**

1). 1-4-класстарда дептер текшерүүнүн талабы

1-класстын окуучуларынын дептерлеринин (1-2-класстын окуучулары үчүн жантык жардамчы сызыктуу кичине жолдуу сыртына “жазуу” ал эми 2-4-класстын дептерлерине (3-класстын окуучулары өнчнн кичине жолдуу)”кыргыз тили” деп жазылат. 4-класстан баштап чоң жолдуу, дептерге жаза башташат. Күндүн датасы кыргыз тил сабагында 2-класстан баштап сөз менен, башка сабактарда сан менен жазылат. 1-5-класстын окуучуларынын дептерлери ар бир сабактан кийин текшерилет.

**Жогорку класстарда**

2.) 5-11-класстарда дептер текшерүүнүн талабы.

8-11-класста 2 жумасында 1жолу, конспектилери айына 1 жолу текшерилип, бааланууу керек. 6-класстын окуучуларынын дептери 1-жарым жылдыкта ар бир сабактан кийин, 2-жарым жылдыкта бир жолу 2жумасына бир текшерилет.Ал эми 5-класстын окуучуларынын дептерлери ар бир сабактан кийин текшерилет.

**Лабораториялык (практикалык) иш үчүн дептерлерди текшерүү мугалиминин буйругу**

1. Биология, физика, химия боюнча лабораториялык (практикалык) иштер үчүн дептерлерде окуучулардын бардык иштери бааланат.

2. Биология, физика, химия боюнча лабораториялык (практикалык) иштер бир жуманын ичинде текшерилет.

**Директордун окуу -тарбия иштери**

**боюнча орун басары : Бердалиева Ө.**